Абдубалиева Б. Ж.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## БИЛИМ АЧКЫЧЫ САПАТТУУ КИТЕПТЕ

*Макалада 5-класстын «Кыргыз тили» (ЫМУ, 2009, авторлор: А.К. Койлубаева А.К. Койлубаева) китеби жөнүндө сөз болот.*

Ааламдашуунун азыркы капша-бында элибиз маданий, руханий жактан ар түрдүү тилдердин, диндердин таасиринде турат. Ушундай опурталдуу мезгилде улуттук руханий баалуулуктарды сактап калуу, аны кийинки урпактарга мурас кылып өткөрүү - олуттуу маселе. Жергебизге желдей тараган терс көрүнүштөрдөн эртеңки келечек ээлерин сактап калууда кыргыз тили, адабияты сабагынын мааниси чоң.

Билим берүү тармагы күндөн-күнгө жаңылануунун, өзгөрүүнүн багытында. Агартуу тармагындагы бардык кызматкерлер ошол инновация менен кабардар болуп турбаса, «билим куржуну» бөксөрүп, заман талабынан артта калчудай.

Күндүн эң актуалдуу проблемасы болгон билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун аракетинде көптөгөн иштер аткарылууда. Билим берүүнүн сапаты окуу программасынан тартып, материалдык-техникалык база, окутуучулук курамдын составы, окуу китептери ж.б. көптөгөн көйгөйлөр акырындык менен чечилгенде гана жогорулайт. Ушул багыттагы негизги милдеттердин бири - окуу китептеринин сапаттарын, мазмунун жакшыртуу.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу окуу китептерине байланыштуу экендиги талашсыз. Мыкты жазылган окуу китеби окуучуга, мугалимге ар кандай көрсөтмө куралдардан, методикалык иштелмелерден алда канча жогору туруп, билим алууга, билим берүүгө эң күчтүү таасирин тийгизет.

Эң алгачкы «Алиппе» жарык көргөн күндөн бери карай эне тилибизде канчалаган окуу китептери жарык көрбөдү. Бүгүнкү күндө да агартуучулар жолун улап мазмундуу, сапаттуу окуу китептерин жазууда өз үлүшүн кошкон окумуштууларыбыз арбын.

Ушундай саамалыктардын бири жалпы билим берүүчү мектептердин, гимназиялар менен лицейлердин окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 5-класстары үчүн «Кыргыз тили» окуу китеби жарыкка чыкты (Кыргыз тили, 5-класс, 2009). Авторлор: ф.и.к., доцент Айгүл Койлубаева жана Кыргыз билим берүү академиясынын кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу, Эл агартуунун отличниги Айнура Койлубаева. Китеп КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген.

Эл аралык практика көрсөткөндөй, окуу китебин жазуудагы төрт кеңешти авторлор ийгиликтүү жүзөгө ашырган:

1. Так жана ыңгайлуу окуй турган текст жазылууга тийиш, ал окуучуларга тапшырма аткарууга мүмкүндүк түзөт.

2. Ойлонуучу иллюстрацияларды, схемаларды, диаграммаларды жана таблицаларды киргизүү, алар окуучуларга жаңы идеяларды түшүнүүгө жардам берет.

3. Көнүгүүлөрдү жана иш-чараларды киргизүү, алар окуп жаткан предметтер боюнча окуучулардын ойлорун, идеяларын тереңдетүүгө жана көндүмдөрүн колдонууга жардам берет.

4. Окуучулар менен бирдикте окуу китебин кантип колдонуу жөнүндө мугалимдер үчүн колдонмону киргизүү.

Китепте жогорудагы кеңештердин бардыгы камтылып, натыйжада, окуучу үчүн окууга, мугалим үчүн окутууга жардам берет.

Тарбиялык, таанып-билүүчүлүк мазмунга бай, илимий, көркөм, кыска жана кызыктуу тексттер берилген. Албетте, бул окуучулардын акыл-ой азыгын өстүрүүгө, эң негизгиси, адамкерчиликке, ыймандуулукка тарбиялоодо баа жеткис кызмат кылат.

Тексттер өтө кызыктуу жана акылман ойлорду камтыгандыктан, айрым балдар китептеги тексттерди алдыга озуп окуп салышкандыктарын практик мугалимдер ырастайт.

Сырттан көрүп баа бербе, Көөкөр үйлөтүү (14-бет), Асан Кайгы (16-бет), Жети нуска (17-бет), Кызык экен, билип ал! (21-бет), Атанын кеңеши (23-бет), Жаратылыштагы үндөр, Жер жана күн (24-бет), Бекерчилик жөнүндө (45-бет), Кандай адам кайгычыл, Биле жүр (50-бет), Кызыктар дүйнөсүндө (52-бет), Түлкү менен карапа (57-бет), Эмне үчүн эне тили дейбиз? (79-бет), Жапания – күн чыгыштагы күнөстүү өлкө (118-бет), Комуз (160-бет), Жибек жолу (217-бет) ж.б. көптөгөн тексттер окуучулардын гана эмес, алардын ата-энесинин да бүйүрүн кызытып, балдардын ар тараптуу, маданияттуу өсүшүнө, кеп маданиятына, эмгекти сүйүүгө, жаратылышты коргоого тарбиялайт.

Окуучулардын кыргыз тили илиминин негиздерин үйрөнүп, илимий деңгээлин өстүрүүдө кыска, так берилген эрежелер эң негизги максат, милдет экендигин авторлор терең түшүнүшкөн. Кыргыз тилинин фонетика, грамматика (морфология, синтаксис), тил жана кеп, текст, анын мүнөздүү белгилери, талдоонун түрлөрү, алфавит, орфоэпия жана орфография, лексика жана кеп маданияты маселелери боюнча материалдар балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык жеңилден оорго карай принциби боюнча системалуу берилген.

Эрежелерге ылайык, көнүгүүлөр-дүн мазмуну турмуш менен байланыштуу келип, терең тарбиялык, адеп-ахлактык мүнөздөгү сүйлөмдөрдү, маалыматтарды камтыйт. Сөзүбүз далилдүү болсун үчүн айрым көнүгүүлөргө токтололу: 107-көнүгүү. Көнүгүү сүйлөмдүн кайсы мүчөсү экендигин айтып берүү талабын койсо да, берилген текст окуучуну ойлондуруп, философиялык ой жүгүртүүгө алып келет: Ак ниет адамдарга асылгандар көп болот, бирок эч ким абийирин ача албайт. Пайдасыз жашоо – мезгилсиз өлүмгө тете.

Үч нерсенин кадырын үч адам билет:

Жаштыктын кадырын картайган билет,

Ден соолуктун кадырын оорулуу билет,

Байлыктын кадырын жарды билет.

(К.Карасаев. Накыл сөздөр).

424-көнүгүүдөгү төмөнкү сүйлөмдөр окуучуларды эмгекке тарбиялоого, кайрымдуулукка, турмушта максат коюп жашоого үндөйт: Мээнеткеч адам кичине болсо да чоң күч, анын колунан бардыгы келет. Максатсыз жашаган адам агып бараткан дөңгөчкө тете. Шордуу чычкан сокур мышык бар дегенге ишенет. Кайрымдуу жүрөк картайбайт.

263-көнүгүү сүйлөмдөгү кара тамга менен басылган сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанисин түшүндүрүү талабын койсо да, берилген ыр келечек муундарды кыргыз тилин сүйүүгө, патриоттук сезимин козгоого тарбиялайт.

Тил чоң мурас аталардан балага,
Өз тилиңе эч кайдыгер караба.
Өзгө тилге үйрөнө бер, а бирок
Тилиң, дилиң бизде болсун, садага.

Тилиң – тарых, тилиң – күзгү дилиңе,
Кимдигиңе тилиң күбө ириде.
Өз тилинди кадыр тутуп, туу тутуп,
Өтүүң парыз бу дүйнөдө, тирүүдө.

Ушул тилде баба Манас сүйлөгөн,
Баар издебейм, башка тилде сүйлөөдөн.
Өз элимден, өз тилимден сүйкүмдүү,
Касиетти көрө албаймын дүйнөдөн.

(Ү. Асаналиев).

Бул сыяктуу тарбиялык мааниси күчтүү көнүгүүлөр китептин ар бир бетинен, ар бир көнүгүүсүнөн кезигет. Жөн салды сүйлөмдөр жокко эсе.

Окуу китеби окумуштуунун жана практик мугалимдин биргелешип жигердүү жазышынан улам коомчулукта жылуу пикирлерди жаратып, 6-7-класстар үчүн дагы жазылса деген ойлорун билдиришет.

Китеп жазуудагы негизги жетектөөлөрдүн бири болгон көрсөтмөлүүлүк, иллюстрациялар, схемалар, таблицалар, диаграммалар, сүрөттөр өтүлгөн темага ылайык өтө кызыктуу тандалып, окуучулардын логикалык ойлоосунун өсүшүнө чоң көмөк көрсөтөт жана материалды кабыл алып, өздөштүрүүсүн жеңилдетет.

Авторлор интерактивдүү метод-дорду айрым темаларды жыйынтык-тоодо, кайталоодо ылайыктуу колдонушкан. Сынчыл ойломду жана чыгармачыл ойломду өстүрүү үчүн окуу китепте окуучуга багытталган иштерде жөн эле маалыматты албастан, ойлонууга түрткү берет. Сөзүбүз кургак болбос үчүн алардын айрымдарына токтололу: 23-, 76-, 98-, 186-, 255-көнүгүүлөр. Аталган көнүгүүлөрдү аткарууда окуучулар өтүлгөн теманы салыштырып, өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын, жалпылыктарын табышып алган билимдерин бышыкташат. Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолордун ар бир бөлүмдүн соңунда берилиши алган билимдерин канчалык деңгээлде өздөштүргөндүктөрүнө сын көз караш менен кароого тарбиялайт.

Китептеги дагы бир өзгөчөлүк: Унутпа! Эсиңе тут! Ойлончу? Биле жүр! деген колдонмолор педагогикалык жактан максатка ылайык берилген.

Кыргыз тилинин материалдарын терең өздөштүрүү үчүн авторлордун көнүгүүлөрдү көп

бериши, окуучулардын өтүлгөн теманы өздөштүрүп, билим деңгээлин көтөрүүгө, дүйнө таанымын өстүрүүгө, кругозорун кеңейтүүгө чоң мүмкүндүк түзөт. Окуучуларга кызыктуу, эл тарыхына байланыштуу тексттердин берилиши, схема боюнча сүйлөмдөрдү түзүшү, талдоонун үлгүлөрүнүн берилиши кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттырат.

Китептеги өзгөчө белгилей турган дагы бир жагдай таблицалардын кызыктуу, ойлондура турган жагдайда түзүлүшү өтүлгөн темаларды бышыктоодо чоң роль ойнойт. Маалыматтарды пассивдүү кабыл албастан, өздөрү дагы жаңы идеяларды ойлоп табышына көмөк көрсөтөт.

Авторлор окуу китебин иштеп чыгуудагы критерийлерди, принциптерди бекем сакташкан. Алар мазмунду так пландаштырып, главаларга, бөлүмдөргө бөлүп берген. Китептин мазмунунда ката болбой, заманбап жана так түзүлүшү, бардык деңгээлдеги суроолордун (оор жана жөнөкөй) берилиши окуучуларды окуп үйрөнүүгө кызыктырат.

Кыргыз Республикасынын мурастары, тарыхы жана салты эске алынып, авторлор тарабынан өзгөчө кылдат берилген.

Мамлекеттик билим берүү мекемелеринин окуу китебине койгон критерийлери жеткиликтүү иштелип чыккан. Китеп мамлекеттик стандартка толук туура келет.

Дидактикалык принциптер: илимийлик, жеткиликтүүлүк, улан-малуулук, жеңилден татаалга принциби системалуу сакталган.

Көнүгүүлөр маалымат берүүчүлүк, гендердик бирдейлик жана предмет аралык байланыштарды кеңири камтыган.

Шрифттердин окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык декоративдүү берилиши окуучулардын темага карата кызыгуусун арттырат.

Талаптагыдай жазылган бул окуу китеби жөндөмдөрү ар кандай болгон окуучулар үчүн окууга, окутууга ылайыктуу келип, билим сапатын көтөрүүгө жакшы шарт түзөт.

Келечек муундарыбызды сапаттуу билимге сугарган, улуттук таалим-тарбиябызды терең камтыган 5-класстын «Кыргыз тили» китебинин кайрадан жаңыланып жарыкка чыгышы - кубанарлык көрүнүш.

Адабияттар:

1. Выготский Л.С. Педагогическая психология. – М.: Педагогика, 1991.

2. Сартбаев К. К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1973.

3. Койлубаева А.К., Койлубаева А.К. Кыргыз тили. 5-класс. – ЫМУ, 2009.